DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Муратбек Касей*

# ПРОФЕССОР ӨЗБЕК АБДЫЛДАЕВДИН ПЕДАГОГДУК ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Муратбек Касей*

# ОСОБЕННОСТИ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ И ТВОРЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРОФЕССОРА ӨЗБЕК АБДЫЛДАЕВА

*Muratbek Kasey*

# FEATURES OF PEDAGOGICAL AND CREATIVITY ACTIVITIES OF PROFESSOR OZBEK ABDYLDAEV

***Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери,белгилүү хормейстер, профессор Өзбек Абдылдаевдин 80 жылдыгына арналат.***

*УДК: 378.147 (07)/159.924*

*Кыргыз элинин музыкалык маданиятында хордук аткаруучулук өнөрү орчундуу орундардын бирин ээлейт. Хордук чыгармалар жашоонун, эмгектин ыргактуулугуна дем берүү менен, жашоо үчүн күрөштү, эркиндикти, келечек максатты, үзүлбөгөн үмүттү чагылдырууну өзүнө камтыган. Кыргыз хордук аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсүнө С. Юсупов, К. Алиев, Б. Мамбеталиев сыяктуу көптөгөн хормейстерлер өзүлөрүнүн салымын кошуп келишти. Алардын ичинде белгилүү хормейстер, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, профессор Өзбек Абдылдаев дагы өзүнүн өмүрүнүн аягына чейин талыкпай эмгектенүү менен, кыргыз хор искусствосунун өнүгүүсүнө тийиштүү салымын кошту. Бул макала профессор Өзбек Абдылдаевдин өмүрү, педагогдук жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрүнө арналат. Макалада анын бүтүндөй өмүрү хор искусствосу менен өткөндүгү чагылдырылат. Профессордун хордук дирижерлук ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тажрыйбалуулугу, ошондой эле, илимий-методикалык ишмердүүлүгүн бир катар эмгектери: окуу китептери, усулдук окуу-куралдары, хордук хрестоматиялары, хор искусствосуна арналган көптөгөн илимий макалалары,анын өз кесибинин күрүнүктүү ээси экендигин күбөлөп турат. Анын хор искусствосу боюнча окуу куралдары жана илимий эмгектери бүгүнкү күнгө чейин студенттердин окуу процессинде үзгүлтүксүз колдонулуп келүүдө.*

***Негизги сөздөр:*** *хор искусствосу, хормейстер, хор дирижерлугу, хор чыгармачылыгы, кантата, хордук аткаруучулук маданияты, хордук аткаруучулук, хор адабияты.*

*В музыкальной культуре кыргызского народа особое место занимает хоровое исполнительское искусство. Хоровые произведения вдохновляют труд, красоту природы, мечты, ритмы жизни и творчества отображая борьбу за жизнь, свободу, будущие цели и несломленную надежду. Хоровое исполнительство всегда отличалось творческим и созидательным характером. Оно стало источником творчества для многих кыргызских композиторов. Многие деятели такие, как С. Юсупов, К. Алиев, Б. Мамбеталиев и др. внесли свои весомые труды в развитии кыргызского хорового исполнительского искусство. Статья посвящена педагогической и творческой деятельности известного хормейстера, заслуженного деятеля культуры Кыргызской Республики, профессора Өзбек Абдылдаева. Особенности хорового дирижирования профессора, опыт его педагогической деятельности, а также ряд научно-педагогической деятельности: учебники, учебные пособия, хрестоматии, хоровые сборники и. т.д. свидетельствуют о том, что он является выдающимся мастером своей профессии посвятивший себя в развитие кыргызского хорового искусства.*

***Ключевые слова:*** *хоровое искусство, хормейстер, хоровое дирижирование, хоровое творчество, кантата, хоровая исполнительская культура, хоровое исполнительство, хоровая литература.*

*Choral performing art occupies a special place in the musical culture of the Kyrgyz people. Choral works inspire work, the beauty of nature, dreams, rhythms of life and creativity, reflecting the struggle for life, freedom, future goals and unbroken hore. Choral performance has always been distinguished bu its creative and constructive character. It has become a source of creativity for many Kyrgyz composers. Many figures such as S. Yusupov, K. Aliyev, B. Mambetaliev and others contributed their significant works to the development of the Kyrgyz choral performing art. The article is devoted to the pedagogical and creative activities of the famous chormaster, Honored Worker of Culture of the Kyrgyz Republic, Professor Ozbek Abdyldaev. Features of the professor's choral conducting, experience of his pedagogical activity, as well as a number of scientific and pedagogical activities: textbooks, teaching aids, choral collections, etc. testify to the fact that he is an outstanding master of his profession, who dedicated to the development of Kyrgyz choral art.*

***Key words:*** *choral art, choirmaster, conducting, choral creativity, cantata, choral culture, choral performance, choral literature.*

Бүгүнкү күндө, элибиздин музыкалык маданиятынын өнүгүшүн улантуу актуалдуу маселелерден болуп эсептелет. Өткөн мезгилдерден бери тарыхый маданий баалуулуктарды сактоого жана өнүктүрүүгө, өзгөчө музыкалык маданиятыбыздын өнүгүшүнө көптөгөн ишмерлер өзүлөрүнүн салымдарын кошуп келишти. Кандай гана өнөрчүлүк болбосун, аны калыптандырып өнүктүрүү жана келечек муундарга өткөрүп берүү салттуулугу, азыркы мезгилде да уланууда. Бул жагдайда, ар бир доордун же мезгилдин чыгармачыл ишмердүүлүктөрү менен өзгөчөлөнгөн инсандары пайда болот эмесби. Алар акылмандык, аң-сезимдүүлүк, билимдүүлүк, жөндөмдүүлүк сапаттарга ээ болушаары белгилүү. Мындай сапаттагы инсандардын бири катары, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, белгилүү хормейстер, профессор Абдылдаев Өзбек Абдылдаевичтин ысымын атасак болот. Ал, Кыргыз музыкалык маданиятындагы хордук аткаруучулук өнөрүндө орчундуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



орунду ээлегендердин бири.

Ө.Абдылдаевдин бала кезинен эмгекчил-мээнеткечтиги, чынчылдыгы жана ак ниеттиги ата-энесинен өткөн. Китеп окууну сүйүүсүнө атасы Абдылда таасир берген. Анын суктанаарлык кол жазмасы орто мектепте окуп жүргөн кезинен эле белгилүү болгон. Мектептин дубал гезиттеринин, жасалгалоолорунун бардыгы анын колунан чыккан. Ал гана эмес, ар жылы мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн аттестаттарын толтуруу, мектепке тиешелүү жүргүзүлгөн документтерин жана материалдарын жазуу анын мойнуна жүктөлгөн (анда, компьютер, интернеттердин дайыны жок, баары кол жазма иретинде жүргүзүлгөн кез). Мындай иш-чараларда, Абдылдаев өзүнүн чыгармачылык ишмердүүлүгүн да көрсөтө алган. Кезектеги дубал гезитин чыгарууда, ага берилген тиешелүү материалдар гезиттин 3/2 бөлүгүн гана ээлеп калган. Гезиттин ачык калган жерлерине, темага шайкеш келген түрдүү мүнөздөгү сүрөттөрдү тартып, көп ойлонбостон, өзүнүн оюнан чыгарган бир катар ыр саптарын жазып толуктап, анын көркөмдүүлүгүн арттырган. Өзбек Абдылдаевичтин жалпы билим берүү мектебинде окуучулук бала кезиндеги мындай иш-аракеттери, кийинки студенттик, андан соң, педагогикалык ишмердүүлүктөрүнүн калыптанышына кыйла өбөлгө болгон.

Ө.Абдылдаев студенттик жылдарынан эле, ошол мезгилдеги маданий жаңылыктардан кабар алып, музыка искусствосунун мыкты адамдары менен таанышып, чыгармачыл жолугушуулары болуп турган. Мындай жолугушуулардан болуп, Гнесиндер институтун түптөгөндөрдүн бири – Гнесина Елена Фабиановна менен таанышуусу эсте калаарлык болгон. Себеби, алыскы Кыргызстандан келген жаш жигиттин мээнеткечтиги аны абдан кызыктырган. Елена Фабиановна Кыргызстанда бир да жолу болбогондугун айтуу менен, Өзбек Абдылдаевдин үй-бүлөөсү, анын туулган жери, окуусунда кандай ийгиликтерге жетишкендиктери, кыйынчылыктары болгондугу тууралуу сурамжылап билүүгө кызыктар болгон. Анткени, айылдан келген карапайым жигиттин кандай гана кыйынчылык болбосун, мейли окуудабы, же жашоодобу, аларды жеңе билип, өзүнүн курсташтарынан калбай, алардын катарында болууну көздөө менен, кыска убакыттын ичинде институттун чыгармачыл чөйрөсү менен жуурулушуп кеткени, чынында эле абдан кызыктуу болгон. Мындай жолугушуулар, Өзбек Абдылдаевдин инсан катары калыптануусуна, келечектеги устаттык сезимталдуулугуна, студенттердин окуусуна жана жашоосуна болгон камкордуулугуна таасирин бергендигиненби, айтор, аны ар дайым ушунчалык ырахаттануу менен эстеп жүргөн. Ооба, ар бир адамдын жашоосундагы кызыктуу окуялар, өзгөрүүлөр, бурулуштар өмүр бою эстен чыкпай сакталып кала берет эмесби.

Ө. Абдылдаевдин хор дирижерлугу боюнча сүйүктүү устаты-окутуучусу Александр Александрович Юрлов тууралуу айтпай кете албайбыз. Бүгүнкү күндө анын ысымы менен Орус хор капелласы аталат. Юрловдун классында окуу мөөнөтүнүн ичинде, Өзбек Абдылдаев көптөгөн концерттерге, фестивалдарга, кароо-сынактарга катышкандыгын жана устаты жөнүндө жакшы ойдогу мүнөздөмөсүн ар дайым айтып жүргөн. Эң негизгиси, ал мындай улуу устаттардын көбүнөн фундаменталдуу түрдө терең билим алуусу, устаттары менен жылуу мамиледе болуусу, алардан баалуу тажрыйба алгандыгы, анын өзүнүн ишинин чыныгы фанаты катары эсептелгендигин айтып турат.

Өлкөбүздүн билим берүүчүлүк жана агартуучулук тармагында көптөгөн ишмерлер бар. Алардын ичинде Өзбек Абдылдаевдин ысымы да, улуттук билим берүүчүлүк, тарбиячылык, окутуучулук менен, музыкалык аткаруучулук ишмердүүлүктөрү бири-бири менен бир бүтүндүү биримдикте байланышып турат. Өзүнүн энциклопедиялык билими менен, Өзбек Абдылдаевич тарбия жана билим берүүнү маданият менен айкалыштырып, аларды кандайдыр бир бүтүндүүлүктө бириктирилген устаттык ишин жүргүзгөн. Айылдык мектеп партасынан кийин келген карапайым студенттердин билим алуусун тереңдетип, аткаруучулук шык-жөндөмдүүлүгүн арттыра билген.

Ө.Абдылдаевдин Ата-Мекенине, эли-жерине болгон сүйүүсү – анын байыркы элдин музыкалык мурасын, көркөм өнөрүн, музыкалык аткаруучулук мектебинин салттуулугун активдүү түрдө пропагандалоо менен, талыкпаган эмгегинин булагы болуп эсептелет. Ал өзүнүн жашоосунда жана ишинде, негизги багыттагы принциптерин: устаттык-окутуучулук, хордук дирижерлук, жетекчилик жана илимий-методикалык ишмердүүлүктөрүн алдына койгон.

Ө.Абдылдаевдин Гнесиндер атындагы музыкалык-педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда (азыркы Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде), окутуучулук ишмердүүлүгүнө жолдомо менен келет. Көп убакыт өтпөстөн эле, *жетекчилик ишмердүүлүгү* башталат. Ал ушул окуу жайында гана, жөнөкөй окутуучудан ага окутуучулукка, доценттикке, профессорлукка чейинки жолун, чыгармачылык жана педагогикалык ишмердүүлүктөрү менен басып өттү. Он жылдан ашык убакыттын ичинде (1971-1986-жж.) хор дирижерлугу кафедрасын жетектеди.

1989-1994-жылдары институттун маданий агартуу ишмердүүлүгү факультетинин деканы катары үзүрлүү иштеди. 1994-жылдан баштап, бир нече жыл ичи институттун окуу бөлүмү боюнча проректору болуп эмгектенген. Кийинчерээк, өмүрүнүн аягына чейин, бир топ жылдар ичи Б.Бейшегалиева атындагы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин Музыка жана ырдоо кафедрасын башкарып келди.

Ѳ. Абдылдаев эч кынтыксыз талантуу классикалык үлгүдѳгү музыкант – хор дирижеру. Ал ѳзүнүн *хордук дирижерлук ишмердүүлүгүн* тынымсыз жүргүзүп келди. Кѳптѳгѳн жылдар ичиндеги хор коллективин жетектѳѳ менен болгон ишмердүүлүгү, үзүрлүү ийгиликтерге алып келген. Анткени, анын жетектеген хор коллективинин аткаруучулук репертуары ар түрдүү мүнѳздѳгү жѳнѳкѳй элдик обондон баштап, дүйнѳлүк классикалык шедеврларга чейин камтылган. Атап айтсак, кыргыз композиторлору – К.Молдобасанов, С.Медетов, М.Абдраев, Н.Давлесов ж.б. чыгармалары гана эмес, чет элдик виртуоз композиторлордун – А.Новиков, А.Александров, Е.Радыгин, М.Раухвергер, К.Орф, Дж.Перголези ж.б. аткаруучулук жагдайындагы татаал классикалык жогорку деңгээлдеги чыгармаларын аткарууга жетишкен. Тажрыйбалуу хормейстер, бир эле мезгилде музыкалык окуу жайлардын жана музыкалык-маданий мекемелердин хор коллективдери (И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин, М.Күрѳңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын, М.Абдраев атындагы Республикалык адистештирилген музыкалык орто мектебинин, Токтогул атындагы Кыргыз Улуттук филармониясынын, А.Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын хор коллективдери) менен дирижерлук ишмердүүлүгүн жүргүзгѳн. Концерттерде дирижерлук ишмердүүлүгүн жогорку деңгээлде кѳрсѳтѳ алышы, хор искусствосуна жан-дили менен берилүүсү, кыргыз элдик ырларына, хордук чыгармаларга болгон баалоосу, анын бүтүндѳй ѳмүрүн хордук аткаруучулук ѳнѳрүнѳ арноосуна алып келген.

Кандай гана ѳнѳр болбосун, анын устаты, жеке эле окутуучу гана болбостон, ал тарбиячы да, психолог да болушу керек. Устаттын мына ушундай үч сапатын Ѳзбек Абдылдаевден да кѳрѳ алабыз. Анын *устаттык-окутуучулук ишмердүүлүгүнүн* эң башкы максаты – кыргыз маданиятын жана искусствосун ѳркүндѳтүүгѳ бел байлаган татыктуу жаштарга билим берип, тарбиялоо болгон. Анын устаттык ишмердүүлүгү жагдайын алып карай турган болсок, студенттерге жеке эле билим гана бербестен, аларды адеп-ахлакка, ыйманга, маданияттуулукка үндѳѳ болгон. Ал ѳмүрүнүн аягына чейин, ар бир студентине тарбия-таалим берип, аларды таптап, чыңдап, насаатын айтып, билимин терендетүү менен, кесиптик адистигине даярдап чыгарган.

Ѳзбек Абдылдаевич бүтүндѳй ѳмүрүнүн ичинде, чыгармачылыкка ынтызар болуп, ѳзүнүн ишин, кесибин сүйѳ билип, студенттерине жылуу мамиле кылуу менен, ѳздѳштүрүлгѳн сабакты жеткиликтүү түрдѳ түшүндүрѳ берүүгѳ аракет кылган. Ал гана эмес, ар бир студенттин окуудагы жашоодогу абалы: ийгиликтери, кыйынчылыктары, үй-бүлѳѳсү тууралуу кабардар болуп, аларга кам кѳрүүгѳ аракет кылган. Ал кайсы гана мекемеде болбосун: институтта, филармонияда, театрда, ар дайым ѳзүнүн студенттерине жасаган мамилеси ушундай болгон.

Ѳ. Абдылдаев карапайым элдин ичинен чыккан жаш таланттарга билим берүү менен катар, аларды хордук аткаруучулук ѳнѳргѳ таптап, кыргыз хор музыкасын ѳнүктүрүүгѳ бел байлоосуна кѳмѳк берип, келечек жашоосуна жана ишмердүүлүгүнѳ жол кѳрсѳтүп келген. Ал ѳзүнүн кѳптѳгѳн жылдардан берки устаттык ишмердүүлүгүндѳ жүздѳгѳн шакирттерин даярдап, билим уясынан учурган. Анын шакирттери – Кыргыз Республикасынын эл артисттери, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер, КРнын эмгек сиңирген артисттери, Маданияттын мыкты кызматкерлери, ошондой эле эл аралык жана республикалык кароо-сынактардын лауреаттары, илимдин кандидаттары. Алар бүгүнкү күндѳ республикабыздын ар тарабында – Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында, А.Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында, М. Күрѳңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайында, орто жана жогорку музыкалык, маданият жана искусство окуу жайларында, Балдар музыкалык мектептеринде ж.б. маданий-музыкалык мекемелерде эмгектенишүүдѳ.

Ѳ.Абдылдаев талантуу жаштарды хор дирижерлук ѳнѳрүнѳ окутууда, билим жана тарбия берүү менен бирге, *илимий жана методикалык багыттагы ишмердүүлүгүн* талбай кѳрсѳтүп келди. Анын окуу куралдары, методикалык колдонмолору, окуу программалары, макалалары, бүгүнкү күндѳ да ѳзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Ал, Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун Окуу-методикалык Бирикмесинин (ОМБ) тѳрагасы катары эмгектенүү менен, 1994-жылдан бери, институттун окуу пландарын түзүүгѳ, мамлекеттик билим берүү Стандартын, адистештирилген окуу тартиптери боюнча типтүү программаларын иштеп чыгууга катышкан. Жалпы билим берүү мектебиндеги «Музыка» предмети боюнча, үчүнчү жана тѳртүнчү класстар үчүн окуу китептерин методикалык колдонмолору менен, жана ноталык хрестоматияларын жазган. Ал эми, 2-,5-,6-,7-класстар боюнча окуу китептерине редактор болгон. Ѳздүк кѳркѳм чыгармачылыгындагы хор коллективдери үчүн «Хор менен иштѳѳнүн методикасы», «Кыргыз музыкасындагы хордун мааниси жана орду», Кыргыз вокалдык-симфониялык музыкасынын бүгүнкү күндѳгү ѳнүгүү жолдору», «Современной действительности в контатно-ораториальном творчестве кыргызских композиторов», ошондой эле, Кыргыз энциклопедиясына жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«Манас» энциклопедиясына бир катар макалаларды жарыялаган. Ошону менен катар, композиторлор М.Абдраевдин «Тандалма хорлор», Ж.Малдыбаеванын «Фортепианонун тандалма пьесалары» аттуу жыйнактарына редакторлук ишин жүргүзгөн.

Тажрыйбалуу устат музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында хор дирижерлугу кесибине адистерди окутуп, тарбиялоо боюнча көп жылдык ишмердүүлүгүндө, табигый музыкалык шыктары, эске тутуусу жана интеллектери ар кандай деңгээлдеги окуучулар менен иштөөгө туура келген. Ошону менен бирге, аларды окутуп үйрөтүүдөгү кээ бир кыйынчылыктарга дуушар болгондугун эске алган. Ал кыйынчылыктарды жараткан көп себептердин бири – ошол кесипке тиешелүү предметтер боюнча окуу-усулдук куралдардын, окуу китептердин орус окуу жайлары үчүн түзүлгөндүгү. Бул биринчиден. Экинчиден, албетте алардын бардыгы орус тилинде болгону аз келгенсип, алардагы музыкалык материалдын бардыгы чет элдик музыкалык чыгармалар болуу менен, кыргыз элдик жана кыргыз профессионалдык музыкалык чыгармалардын жоктугу окуучуларга эле эмес, алардын мугалимдерине да кыйла кыйынчылыктарды жараткан. Ал кыйынчылыктарды жоюу максатында, өзүнүн педагогдук чыгармачылык ишмердүүлүгүндө, такшалган тажрыйбасы менен, хордук музыка боюнча окуу китептерин, ар кандай окуу-усулдук куралдарын түзүп, бир катар методикалык колдонмолорун, илимий макалаларын жазып, жигердүү эмгектенүү менен, кыргыз хордук музыкасынын өнүгүүсүнө өзүнүн чоң салымын кошту.

Жогорудагы айтылган көйгөйлүү маселелер, тажрыйбалуу педагогдун хор дирижерлугуна окутуунун «Хор дирижерлугу» (хрестоматия методикалык көрсөтмөлөрү менен), деп аталган төрт томдон турган, I, II, III, IV курстарынын окуу прогаммаларына ылыйыкталган хрестоматияларын түзүүгө себепкер болду. Хрестоматияларда куплеттик формадагы ырлардын хорго ылайыкташтырылган жөнөкөй түрлөрүнөн тартып, татаал жана ири формалардагы (кантата, оратория жана опералык сценалар) хордук чыгармалары камтылган. Хрестоматиялар ошондой эле, 200гө жакын хордук чыгармалардан, алардын көпчүлүгү кыргыз эл ырларынан жана кыргыз жана чет элдик композиторлорунун хордук чыгармаларынан турат. Чыгармалардын ар бири боюнча, дирижерлук кылуунун усулдук көрсөтмөлөрү берилген.

2013-жылы китептин 1-тому басмадан жарык көрдү. Анда, эки үлүштүү, үч үлүштүү жана төрт үлүштүү өлчөмдөгү чыгармалар, үндөрдүн кыймылынын мүнөздөрү *legato* жана *non legato;* темптери жай, шашылбаган, орточо тездиктен жайыраак, ошондой эле шашылбаган орточо тездиктеги, динамиканын басымдуу көпчүлүгү *mf, f* жана *p* болгон чыгармалар чогултулуп, жогоруда көрсөтүлгөн өлчөмдөрдө гана жазылган чыгармалардын ар кайсы үлүштөрүнөн башталышын көрсөтүү жолдору, дирижердун колдорунун (оң, сол) кызматтарынын, же алардын кыймылдарынын так бөлүнүшүн жөнгө салуу өңдүү дирижерлук ыкмаларды өздөштүрүүгө арналган [1].

Экинчи китепке: эки, үч, төрт жана алты үлүштүү өлчөмдөрдөгү ар кандай темптердеги үндөрдүн мүнөздөрү ар башка *(legato, non legato, staccato)*, ар түрдүү динамикалык жана агогикалык нюанстары менен, ошондой эле дирижердун колдорунун кызматтарынын татаалыраак чектелиштери бар; акценттерди, синкопаларды, үзүлүүчү жана үзүлбөгөн ферматаларды көрсөтүүнү үйрөнүүгө ылайыкташтырылган чыгармалар киргизилген [2].

Китептин 3-томуна ар кандай схемалар менен дирижерлук кылынуучу опералык чыгармалардагы үч, төрт жана беш үлүштөгү өлчөмдөргө жазылган көлөмү чакан хордук сценалары, кантаталардын үзүндүлөрү б.а. мурунку китептердеги чыгармаларга салыштырмалуу бир топ татаалдыктардагы ири хордук чыгармалар топтолгон. Алардын арасында абдан ылдам жана абдан жай темптеги, узакка созулган *crescendo* жана *diminuendo* талап кылынуучу, ошондой эле полифониялык ыкмалар менен жазылган хордук чыгармалар бар [3].

Төртүнчү китепке болсо, 7/4, 12/4, 12/8, 3/2, 4/2, 2/2, 5/4 өлчөмдөрүндө жазылып, ар кандай схемалар менен дирижерлук кылына турган, жөнөкөй жана татаал өлчөмдөрдүн кезектелиши менен жазылган, кеңири полифониялык өнүгүүсү бар, ошондой эле дирижерлук билимди жана техникалык ыкмаларды өркүндөтүүгө ылайыкталган чыгармалар камтылды.

Китептердин бардык томдорунда (1, 2, 3, 4), ар бир курстун окуу программаларынын талаптарына ылайык дирижерлук ыкмаларды үйрөнүү процессиндеги окуучулардын ар бир семестрде өздөштүрө турган тапшырмалардын көлөмү иретиндеги киришүү сөздөрү берилген. Ошондой эле, китептердеги бардык хордук чыгармалар, дирижерлук сабакта окуучунун негизги көңүл бура турган учурлары, ага кезиге турган кээ бир кыйынчылыктар, жана аларды өздөштүрүү ыкмалары өңдүү кыскача методикалык көсөтмөлөр менен жабдылган [4]. Бул төрт томдук хрестоматия 2017-2018-жылдары кайрадан оңдолуп, кошумчаланып басмадан жарык көргөн.

2016-жылы Ө. Абдылдаевдин «Кыскача музыкалык сөздүк» деген аталышта эмгеги басмадан жарык көрдү. Бул китеп музыкалык жана искусство мектептеринин окуучуларына жана жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин музыка предмети боюнча мугалимдерине, музыкалык орто окуу жайларынын студенттерине окуу куралы катары, ошондой эле жалпы музыка сүйүүчүлөргө музыкалык даректүү түшүнүктөрдү, кыргыз тилинде пайдалануучу сөздүк катары сунушталган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Сөздүк үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө, музыкалык искусстводогу ар кандай агымдар жана багыттар, музыкадагы сүрөттөө каражаттарынын түрлөрү, негизги музыкалык жанрлар жана формалар, музыкалык аспаптар, ошондой эле, ар кандай музыкалык-аткаруучулук топтор жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Экинчи бөлүмдө, ар кайсы түрдөгү оркестрлердин аспаптык түзүлүшү, ырдоо үндөрүнүн түрлөрү, музыкадагы темптер, аларды белгилөөдөгү кошумча сөздөр, темптердин өзгөрүүлөрүнүн аталыштары, ал эми үчүнчү бөлүмдө, музыкалык терминдердин кыргыз тилиндеги сөздүгү берилген. Бул китеп, сөздүк мазмунунда болгону менен гана чектелбестен, аны студенттер жана окутуучулар үчүн абдан баалуу окуу куралы катары эсептей алабыз [5].

2017-жылы автордун «Хор дирижерлугуна окутуунун кээ бир маселелери» аттуу окуу куралы басмадан жарыкка чыкты. Бул окуу куралында, хор дирижерлугуна окутуу курсу боюнча жалпы жоболор, курстун максаты, дирижерлук кылууга окутуунун баштапкы сабактар боюнча усулдук көрсөтмөлөр берилген. Ошондой эле, хордук чыгарманын жана партитуранын үстүндө иштөө, дирижерлук техникалык каражаттар сыяктуу маселелер боюнча усулдук колдонмолор камтылган [6].

Окуу куралында хор дирижерлугу бөлүмүнүн студенттерине жана жаш педагогдорго сунуш кылынган кеңештердин жыйындысы болгон хор дирижерлугуна окутуунун негизги усулдук жоболору жөнүндөгү материалдар, автордун көп жылдык устаттык тажрыйбасынын жана байкоолорунун корутунду-конспектиси катарында эсептесек болот.

2018-жылы «Хор музыкасындагы месса жана реквием» аттуу окуу куралы жарыкка чыккан. Музыкалык орто жана жогорку, ошондой эле музыкалык педагогикалык окуу жайлардын студенттерине арналган бул окуу куралы, хор дирижерлугу адистигинин «Музыканын тарыхы» курсу боюнча окуу программасына ылайыкталып жазылган. Китепте месса жана реквием жөнүндө түшүнүктөр, алардын жаралыш-тарыхы, түзүлүштөрү, хор музыкасында колдонулушу боюнча кыскача усулдук талдоолору менен берилген. Реквием жөнүндөгү маалыматтар дүйнөгө белгилүү италиялык композитор Жузеппе Вердинин месса жана реквием чыгармаларын талдоо аркылуу берилген [7].

Студенттер «Музыканын тарыхы» курсун окуп-өздөштүрүүдө, көптөгөн окуу китептерин пайдаланышат, алар окуу куралдары өз убагында (Советтер Союзу мезгилинде) Москвадан басылып чыккандыгы бизге белнилүү. Албетте, алардын бардыгы орус тилинде болгон. Ошого жараша, тилекке каршы «Музыканын тарыхы» боюнча лекциялар бүтүндөй бойдон орусча окулган. Мындай абал, бул предметти өздөштүрүүдө, окуучулардын көпчүлүгүнө бир топ кыйынчылыктарды туудургандыгы талашсыз. Ушундай кырдаалды эске алуу менен, көптөгөн материалдардын ичиндеги, башка тилде өздөштүрүүдө кыйынчылык түзүлүшү мүмкүн болгон темалардын бири – «Месса жана реквием» жөнүндөгү түшүнүктөрдү автор кыргыз тилинде сунуштаган. Бул эмгек, бүгүнкү күндө студенттер жана окутуучулар үчүн абдан баалуу материалдардан болууда.

Таланттуу дирижер-педагог Ө. Абдылдаев өмүрүнүн акыркы жылдарында, хор дирижерлугу адистигинин окуу программасына ылайыкталып түзүлгөн, абдан керектүү материалдардан болгон дагы эки эмгегин - «XX кылымдагы немец композитору Карл Орфтун «Кармина Бурана» кантатасын (музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо»)» жана «Джованни Баттиста Перголезинин «Stabat Mater Doloroso – Азалуу Эне турат» кантатасын (музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо»)» жарыкка чыгарып калтырды. Анткени, көптөгөн жылдардан бери, бул чыгармалар хор коллективдеринин аткаруучулук репертуарында кеңири орунду ээлеп келүүдө. Бул мезгилге чейин, бул эки чыгарма чет тилдеринде (орус, немис ж. б.) аткарылып келген эле. Бүгүнкү күндө, жогорку музыкалык окуу жайлардын окуу тартибине кирген бул чыгармалар боюнча усулдук колдонмо, студенттер үчүн кыргыз тилинде эң алгачкыдан болуп сунушталууда. Чыгарманын сөздөрү автор тарабынан кыргызчага которулган.

«Кармина Бурана» кантатасы боюнча усулдук колдонмодо, адегенде композитор Карл Орфтун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча кыскача маалымат берилет. Андан соң, жыйырма беш номерден турган үч бөлүмдүү «Кармина Бурана» кантатасынын ар бир номери боюнча кыргыз тилинде музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоолор жүргүзүлүп, айкын түшүндүрмөлөр берилүү менен, ноталык мисалдар келтирилген [8].

Автордун кийинки «XVIII кылымдагы италиялык композитор Джованни Баттиста Перголезинин «Stabat Mater Dolorosa» – «Азалуу Эне турат» аттуу кантатасына музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо» деп аталган эмгегинде, адегенде композитордун өмүрү жана чыгармачылыгы берилген. Андан соң, Барокко заманындагы хор музыкасынын негизги жанрлары жөнүндө кыскача маалымат көрсөтүлгөн. Китептин 3-бөлүмүндө композитордун «Stabat Mater Dolorosa» – «Азалуу Эне турат» аттуу кантатасы тууралуу баяндалып, 4-бөлүмдө, аталган кантата боюнча музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоолор жүргүзүлгөн. Жогоруда аталган эки усулдук колдонмо тең, студенттердин хор дирижерлугу боюнча адистик окуу куралдарынын ордун толуктоодо, автордун зор салымы деп эсептей алабыз [9].

Ө.Абдылдаевдин кыргыз хордук музыка искус-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ствосуна кошкон салымы жогору бааланып, ага «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы ыйгарылган (1995-ж.). «Даңк» медалы жана бир катар Ардак грамоталар менен сыйланган. Жогоруда айтылгандай, бул сыйлыктарга көптөгөн жылдарды камтыган чыгармачылык, педагогдук жана илимий-методикалык ишмердүүлүгүндөгү ак эмгеги менен татыктуу болгон. Анын эмгектери кыргыз музыкалык маданиятына жана хор искусствосунун өсүп-өнүгүүсүнө кошкон зор салымы катары эсептей алабыз.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев Ө. Хор дирижерлугу. Хрестоматия методикалык көрсөтмөлөрү менен. 1-китеп. - Б.: Н.Исанов атындагы КГУСТАнын басмаканасы, 2013.
2. Абдылдаев Ө. Хор дирижерлугу. Хрестоматия методикалык көрсөтмөлөрү менен. 2-китеп. - Б.: Н.Исанов атындагы КГУСТАнын басмаканасы, 2013.
3. Абдылдаев Ө. Хор дирижерлугу. Хрестоматия методикалык көрсөтмөлөрү менен. 3-китеп. - Б.: Н. Исанов атындагы КГУСТАнын басмаканасы, 2013.
4. Абдылдаев Ө. Хор дирижерлугу. Хрестоматия методикалык көрсөтмөлөрү менен. 4-китеп. Б.: Н.Исанов атындагы КГУСТАнын басмаканасы, 2013.
5. Абдылдаев Ө. Кыскача музыкалык сөздүк (окуу куралы). - Б.: ЖИ «Т.Сарыбаев» басмаканасы, 2016.
6. Абдылдаев Ө. Хор дирижерлугуна окутуунун кээ бир маселелери. - Б.: ЖИ «Т.Сарыбаев» басмаканасы, 2017.
7. Абдылдаев Ө. Хор жанрындагы месса жана реквием (усулдук-окуу куралы). - Б.: ЖИ «Т.Сарыбаев» басмаканасы, 2018.
8. Абдылдаев Ө. ДЖованни Баттиста Перголезинин «STABAT MATER DOLOROSO» - «Азалуу Эне турат» кантатасы. Музыкалык-методикалык жана вокалдык-хордук талдоо. - Б.: ЖИ «Т.Сарыбаев» басмаканасы, 2021.
9. Абдылдаев Ө. XX кылымдагы немец композитору Карл Орфтун «Кармина Бурана» кантатасы. Музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо. - Б.: ЖИ «Т.Сарыбаев» басмаканасы, 2021.